# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 28-декабрындагы аныктамасына Азимбек Анаркулович Бекназаровдун даттануусун кароо жөнүндө

## ТОКТОМУ

2024-жылдын 29-февралы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу К.А. Дуйшеев, судьялар М.Р. Бобукеева, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, сот отурумунун катчысы М.С. Ибраевдин катышуусунда “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, А.А. Бекназаровдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 28-декабрындагы аныктамасына карата келтирген даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Даттанууну жана А.А. Бекназаровдун өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, судья – баяндамачы М.Ш. Касымалиевдин маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2023-жылдын 14-декабрында А.А. Бекназаровдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 67-беренесинин 4, 6-бөлүктөрүн, 283-беренесинин 4, 7-бөлүктөрүн, 401-беренесинин 2-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23, 61 жана 100-беренелерине карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн келип чыккандай, Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун судьясы М.Р. Сыдыков (мындан ары – судья М.Р. Сыдыков) арызданууучуга жана башка жарандарга карата козголгон кылмыш ишин кароодо, алардын Конституцияда, мыйзамдарда жана эл аралык укуктун жалпы таанылган ченемдеринде жана принциптеринде бекитилген укуктарын мыйзамсыз аракеттери жана чечимдери менен бузган.

Арыз ээси белгилегендей, судья М.Р. Сыдыков аталган кылмыш ишти өз өндүрүшүнө 2023-жылдын 15-июнунда кабыл алып, айыпталуучуларды иштин материалдары менен таанышууга, айрым документтердин көчүрмөлөрүн алууга толук мүмкүнчүлүк бербегенин белгилеген.

Ошондой эле, аталган судья Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары – КЖПК) 46, 281 жана 283-беренелерин одоно бузуу менен соттук териштирүүнүн мөөнөтүн үч жолу узартып, аны негизсиз жабык өткөргөн, бул, өз кезегинде, ишти жабык жыйналышта угууга мыйзамда каралган учурларда гана жол берилет деп көрсөтүлгөн Конституциянын 100-беренесине жана КЖПКнын 291-беренесинин талаптарына ылайык келбестигин көрсөткөн.

Кайрылуу субъектисинин пикиринде, судьянын мындай аракеттери аларга даттануу келтирүүнүн тартиби КЖПКда көрсөтүлбөгөнү жана КЖПКнын 283-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык соттук териштирүүнүн мөөнөтүн узартуу жөнүндө соттун чечими даттанууга жатпайт деген ченемдик жобосу менен шартталган. Демек, бул жагдай Конституциянын 61-беренесине ылайык келбейт жана адам укуктары жана эркиндиктери судьялар тарабынан негизсиз бузулушуна жана чектелишине алып келди деп эсептейт.

Арыз ээси А.А. Бекназаров 2023-жылдын 23-августунда жана 20-ноябрында судья М.Р. Сыдыков кылмыш иштин натыйжасына түздөн-түз кызыкдар деп болжолдоп, соттук отурум башталганга чейин жазуу түрүндө аны четтетүүнү билдирген, бирок бул маселе каралган эмес деп белгилейт. КЖПКнын 67-беренесинин 4, 6-бөлүктөрүнө ылайык, судьяга карата берилген четтетүү, ошол судьянын өзү тарабынан каралат, карабай койсо же ал чыгарган чечимге (токтомго) дароо апелляциялык тартипте даттануу берилбейт. Ага даттануу иш боюнча жыйынтыктоочу чечим менен бирге берилет.

Арызданууучунун пикиринде, судьяга билдирилген четтетүүнү судьянын өзү караганы, аны канааттандырбай же карабай калса да, четтетүү билдирген айыпталуучунун кылмыш ишин аягына чейин кароо мүмкүнчүлүгү ошол судьяга эле калтырылышы же ал чыгарган токтомго дароо апелляциялык тартипте даттануу укугун караштырбаган КЖПКнын 67-беренесинин 4, 6-бөлүктөрү Конституциянын 61-беренесине ылайык келбейт. Судьяга билдирилген четтетүү башка калыс судья тарабынан каралып, ал боюнча чыгарылган токтому апелляциялык тартипте даттануу мүмкүнчүлүгү КЖПКда аныкталса, калыстык болмок деп эсептейт.

Арыз ээси Конституциянын 23-беренесинин 1-бөлүгүнө шилтеме жасап, ага ылайык адам укуктары жана эркиндиктери ажыратылгыс жана алар ар бир адамга төрөлгөндөн баштап таандык деп белгилейт. Алар абсолюттук, ажыратылгыс жана кимдир бирөөнүн кол салуусунан мыйзам жана сот аркылуу корголгон деп белгилейт. Ар бир адамга өзүнүн Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берилет (Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгү).

А.А. Бекназаров Адам укуктарынын жалпы декларациясы жана Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга ылайык, адамдын

укуктары эч кандай басмырланбашы жана негизсиз чектелбеши керек экендигин белгилеген.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, арызданууучу талашылып жаткан ченемдерди конституциялык эмес деп таанууну суранган.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы 2023-жылдын 28-декабрындагы аныктамасы менен төмөнкүдөй негиздер боюнча өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Судьялар коллегиясы кайрылууну кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүүдө, анда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүнө жол берилгендигине жана анын “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүнө таянат.

Конституциялык контролдун укуктук маңызы болуп конституциялык принциптерге жана жоболорго каршы коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салууну тастыктаган укуктук мүнөздөгү ынандыруучу жүйөлөрдүн болуусунда ченемдик укуктук актылардын же алардын бөлүктөрүнүн Конституциянын талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү саналат.

Ушуга байланыштуу, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамда Конституциялык сотко болгон кайрылууну тариздөөгө жана арызданууучу койгон маселе боюнча анын көз карашын негиздөөгө болгон бир катар талаптар караштырылган (19, 26, 27, 28 жана 30-беренелер).

Аталган конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык, арызданууучу өз кайрылуусунда ал койгон маселе боюнча көз карашын жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасалган укуктук негиздемесин көрсөтүүгө милдеттүү. Бул талап арызданууучунун жүйөлөрү фактологиялык эле эмес, укуктук мүнөздө дагы болуп, конституциялык жоболор менен системалык байланышта туруп жана аны менен талашылып жаткан укуктук ченемдердин жөнгө

салуучулук таасиринин конституциялуулугунда аныксыздыкты пайда кылышы керек дегенди билдирерин белгилеген.

Ал эми А.А. Бекназаровдун кайрылуусунда талашылып жаткан ченемдер менен Конституциянын тиешелүү ченемдеринин арасында тутумдук укуктук байланыш жок экени көрүнөт. Арызлануучу укуктук мүнөздөгү эмес фактологиялык жүйөлөрдү, тактап айтканда, судьянын өндүрүшүндө болгон кылмыш ишине карата анын компетенттүүлүгүн, ал кабыл алган соттук актыларынын мыйзамдуулугун, процессуалдык ченемдерди колдонуу тажрыйбасындагы мыйзам бузууларды жана башка ушул сыяктуу маселелерди баяндаган. Ал божомолдогон кылмыш-жаза процессуалдык ченемдерин бузуу фактыларын кароо жалпы юрисдикциядагы соттордун тикелей ыйгарым укуктарына кирет жана мындай жагдай талашылып жаткан ченемдердин Конституциянын жоболоруна шайкеш келүү маселесиндеги аныксыздыкты тастыктабайт.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунун талабына ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, ошондой эле кайрылууда билдирилген талап Конституциялык сотко караштуу болбосо, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

А.А. Бекназаров Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 28-декабрындагы аныктамасы менен макул болбостон, 2024-жылдын 1-февралында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Арызлануучу даттануусунда конституциялуулугу талашылып жаткан ченемдердин Конституциянын 23, 61 жана 100-беренелеринде камтылган жоболордун же талаптардын жүзөгө ашырууда, аларды толуктоонун, тактоонун, бекемдөөнүн ордуна, тескерисинче, айкынсыздыкты, карама-каршылыкты жаратып, судьялардын өзүм билемдигине, мыйзамсыз соттук актылардын кабыл алынышына, аны менен Негизги Мыйзамда кепилденген

адамдын укуктары менен эркиндиктери соттор тарабынан бузулушуна жана чектелишине алып келип жаткандыгынын далилдери катары берилгенин белгилейт.

Мындан тышкары, арызлануучунун пикипинде, бул далилдер талашылып жаткан ченемдерде адам укугу менен эркиндигине байланышкан соттук чечимдерге апелляциялык, кассациялык тартипте дароо өзүнчө даттануу келтирүү укугунун жоктугун же чектелгенин, Конституциянын 23-беренесиндеги адам укуктары жана эркиндиктери абсолюттук, ажыратылгыс жана кимдир бирөөнүн кол салуусунан мыйзам жана сот аркылуу корголгон, 61-беренесиндеги ар бир адамга өзүнүн Конституцияда каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берилет деген ченемдери менен тутумдук жана укуктук байланышта экендигин көрсөтөт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде А.А. Бекназаров Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 28-декабрындагы аныктамасын жокко чыгарууну жана өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алууну суранууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арызлануучунун даттануусун жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

Арызлануучу судьялар коллегиясынын тыянактары менен шартталган жана даттанылып жаткан аныктаманы жокко чыгарууга багытталган аргументтерди өз даттануусунда келтирген эмес. Башкача айтканда, ал талашылып жаткан ченемдердин Конституциялык жоболорго карама-каршы келүү маселеси боюнча өзүнүн жеке пикирин гана эч кандай укуктук негиздемесиз чагылдырган.

Ал эми укуктук негиздеме деп көрсөткөн жүйөлөрү дээрлик көпчүлүк бөлүгүндө укук колдонуу чөйрөсүндөгү мамилелер менен байланышкан. Атап айтканда, ал өзүнүн кайрылуусунда келтирилген фактылар арызлануучуга карата козголгон кылмыш ишин кароодо судьянын компетенттүүлүгү, анын

кабыл алынган чечимдери, аракетсиздиги жана талашылып жаткан ченемдерди колдонуу тажрыйбасы тууралуу маселелерди кайталап баяндаган.

Ал эми Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту кайрылууну сот өндүрүшүнө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктаманы кайра кароо тартибинде судьялар коллегиясынын корутундуларына укуктук баа берүү баштапкы кайрылууда келтирилген талаптардын жана судьялар коллегиясынын тыянактарына каршы келтирилген аргументтердин алкагында гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн экендигин белгилейт.

Конституциялык контролдун укуктук маңызы болуп, ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугундагы аныксыздыкты так көрсөткөн укуктук мүнөздөгү ынандырарлык жүйөлөрдүн болуусунда, алардын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү эсептелет.

Ал эми арыздануучу биринчи ирет берилген өтүнүчүндө жана кийинки даттануусунда келтирген жүйөлөр укук колдонуу тажрыйбасына гана таандык жана талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугундагы аныксыздыкты жаратуучу укуктук аргументтер катары каралышы мүмкүн эмес.

Демек, арызданууучунун кайрылуусу формасы жана мазмуну боюнча “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбейт жана кайрылууда келтирилген талап Конституциялык сотко караштуу эмес деген судьялар коллегиясынын тыянагы негиздүү болуп саналат.

Ошол эле учурда, Конституциялык сот ишти өз алдынча карап жаткан судьяга билдирилген баш тартуунун (четтетүүнүн) судья тарабынан жекече чечүү маселесинин конституциялуулугу мурда конституциялык контролдоо органынын кароо предмети болуп, анын жыйынтыгы боюнча 2017-жылдын 18-январында чечими кабыл алынгандыгын жана анын күчүндө экендигин белгилейт. Аталган маселени текшерип жатып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы судьядан баш тартуу маселесин

жеке кароонун тартиби Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденген ар бир адамдын соттук коргонууга болгон укугун бузбайт деп белгилеген.

Ал эми “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 62-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык Жогорку соттун Конституциялык палатасынын 2021-жылдын 5-майындагы Конституциясы күчүнө киргенге чейин кабыл алган чечимдери мыйзамдарда белгиленген тартипте аткарылууга тийиш.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 28-декабрындагы аныктамасын жокко чыгарууга негиз тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Азимбек Анаркулович Бекназаровдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 28-декабрындагы аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусу канааттандырылуусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**